**Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун 2024-жыл үчүн бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетуна түшүндүрмө кат**

## I. Социалдык фонддун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун (мындан ары – Социалдык фонд) бюджетинин жалпы кирешеси 115 241,6 млн. сомду түздү. 2023-жылга салыштырмалуу бюджеттин кирешеси 12 061,6 млн. сомго же 111,7 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин кирешеси 7,6 %ды түздү.

(млн. сом)

| | **2023-жылдын аткары-лышы** | **2024-жылга бюджет** | **2024-жылдын аткары-лышы** | **2023-жылдын аткарылышына карата** | | **2024-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК КИРЕШЕЛЕР** | **103 180,0** | **110 263,8** | **115 241,6** | ***12 061,6*** | ***111,7*** | ***4 977,8*** | ***104,5*** |
| *ИДПга карата %* | *8,4* | *7,8* | *7,6* | | | | |
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 63 964,0 | 69 060,0 | 73 722,8 | *9 758,8* | *115,3* | *4 662,8* | *106,8* |
| Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар | 37 789,0 | 39 367,2 | 39 367,2 | *1 578,2* | *104,2* | *0,0* | *100,0* |
| Башка кирешелер | 1 427,0 | 1 836,6 | 2 151,6 | *724,6* | *150,8* | *315,0* | *117,2* |

### 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн аткарылышы

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 69 060,0 млн. сом пландалган камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйналышында, 73 722,8 млн. сом камсыздандыруу төгүмдөрү түштү. Болжолдуу көрсөткүчтөр 106,8 %га же 4 662,8 млн. сомго көп аткарылган. 2023-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрү 9 758,8 млн. сомго көп түштү же өсүү темпи 115,3 %ды түздү, анын ичинде:

(млн. сом)

| **Көрсөткүчтөр** | **2023-жылдын аткары-лышы** | **2024-жылга бюджет** | **2024-жылдын аткары-лышы** | **2023-жылдын аткарылышына карата** | | **2024-жылдын бюджетине карата** | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Камсыздандыруу төгүмдөрү, анын ичинде:** | **63 964,0** | **69 060,0** | **73 722,8** | ***9 758,8*** | ***115,3*** | ***4 662,8*** | ***106,8*** |
| Юридикалык жактар, жеке ишкерлер | 62 665,7 | 67 600,0 | 72 058,9 | *9 393,2* | *115,0* | *4 458,9* | *106,6* |
| Дыйкан-фермердик чарбалар | 273,8 | 262,9 | 266,5 | *-7,3* | *97,3* | *3,6* | *101,4* |
| Жеке ишкерлер (полис) | 1 024,5 | 1 197,1 | 1 397,4 | *372,9* | *136,4* | *200,3* | *116,7* |

2023-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүшүнүн өсүшү эмгек акынын өсүшү менен шартталды. “Салык салуу жана социалдык камсыздандыруу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери ишкердик субъекттер, коммерциялык эмес

уюмдар үчүн 27,25 %дан 12,25 %га азайган, бирок ошол эле учурда камсыздандыруу төгүмдөрү орточо айлык эмгек акыдан кем эмес суммадан эсептелет. Ошону менен катар, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалыматына ылайык камсыздандырылган адамдардын саны 87,0 миңдей адамга өскөн.

Юридикалык жакты түзбөгөн дыйкан (фермердик) чарбалардан жана жер үлүшү/участогу бар жеке жактардан камсыздандыруу төгүмдөрү 262,9 млн. сом суммасында пландалган, 266,5 млн. сом түшкөн, б.а. бюджетте бекитилген суммадан 3,6 млн. сомго көп. 2023-жылга салыштырмалуу камсыздандыруу төгүмдөрүнүн түшүүсү 7,3 млн. сомго азайды. Жыл сайын төмөндөшү жер реформасынын алкагында жер үлүштөрүн алган камсыздандырылган адамдардын пенсия курагына жеткендиги жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөөдөн бошотулгандыгы менен шартталган.

2024-жылы камсыздандыруу полистерин сатып алып камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөгөн жеке ишкерлерден камсыздандыруу төгүмдөрү 1 397,4 млн. сом суммасында түштү, бул болжолдуу көрсөткүчкө салыштырмалуу 200,3 млн. сомго көп.

## 2. Республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттар

2024-жылы республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын түшүүсү 39 367,2 млн. сомду түздү же 2023-жылга салыштырмалуу 1 578,2 млн. сомго көбөйдү.

Ассигнованиелер боюнча керектөөнүн өсүшү 2024-жылдын 1-июлунан тартып пенсиянын базалык бөлүгү 3170 сом суммасындагы жалпы белгиленген пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүнө чейин ушул суммага жетпеген пенсионерлерге жеткирилгендигине байланыштуу.

Ошондой эле, 2024-жылдын 1-октябрынан тартып Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин ченемдерин аткаруу үчүн үстөктөрдү эске алуу менен жалпы өлчөмү 6900 сомдон төмөн болгон пенсиялардын базалык бөлүгүн үстөктөрдү эске алуу менен мындай пенсиялардын жалпы өлчөмүн 6900 сомго чейин жеткирүүнү эске алуу менен индексацияланган.

Мындан тышкары, 2023-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу ассигнованиелердин көбөйүшү пенсионерлердин санынын өсүшү жана макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн өзгөрүшү менен шартталган.

(млн. сом)

| | **2023-жылдын аткарылышы** | **2024-жыл** | | **2023-жылдын аткарылышына өсүшү** | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **бюджет** | **аткарылышы** | +/- | % |
| Пенсиянын базалык бөлүгү | 26 582,1 | 28 223,4 | 28 223,4 | *1 641,3* | *106,2* |
| Электр энергиясы үчүн компенсация | 2 000,2 | 1 489,5 | 1 489,5 | *-510,7* | *74,5* |
| Аскер кызматчыларынын пенсиялары | 4 143,8 | 4 535,0 | 4 535,0 | *391,2* | *109,4* |
| Аскер кызматчыларына бир жолку төлөнүүчү жөлөкпул | 61,0 | 94,3 | 94,3 | *33,3* | *154,6* |
| Пенсиялар жана пенсияларга үстөк акылар | 5 001,9 | 5 025,0 | 5 025,0 | *23,1* | *100,5* |
| **БАРДЫГЫ** | **37 789,0** | **39 367,2** | **39 367,2** | ***1 578,2*** | ***104,2*** |

## 3. Башка кирешелердин түшүүсү

2024-жылы Социалдык фонд туумдардан жана айыптардан, Социалдык фонддун эсептериндеги акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздардан, дивиденддерден ж.б. булактардан 2 151,6 млн. сом киреше алды.

(млн. сом)

| | 2023-жылдын аткары-лышы | 2024-жылга бюджет | 2024-жылдын аткары-лышы | 2023-жылдын аткарылышына карата | | 2024-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **Бардыгы, анын ичинде:** | **1 427,0** | **1 836,6** | **2 151,6** | ***724,6*** | ***150,8*** | ***315,0*** | ***117,2*** |
| ишканалардын акциялары боюнча дивиденддер | 146,5 | 137,3 | 137,0 | *-9,5* | *93,5* | *-0,3* | *99,8* |
| убактылуу бош акча каражаттарын МБК жайгаштыруудан түшкөн киреше | 272,3 | 465,7 | 489,1 | *216,8* | *179,6* | *23,4* | *105,0* |
| камсыздандыруу төгүмдөрүн кечиктирип жана толук эмес төлөгөндүгү үчүн эсептелген туумдар жана айыптар | 422,8 | 200,0 | 352,5 | *-70,3* | *83,4* | *152,5* | *176,3* |
| эсептердеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар | 560,3 | 994,5 | 1 118,2 | *557,9* | *199,6* | *123,7* | *112,4* |
| пенсия төлөө үчүн капиталдаштырылган суммалар | 2,9 | 5,0 | 5,8 | *2,9* | *200,0* | *0,8* | *116,0* |
| регресстик талаптарды коюунун натыйжасында иш берүүчүдөн жана жарандардан өндүрүлүүчү каражаттар | 10,8 | 10,0 | 22,6 | *11,8* | *209,3* | *12,6* | *226,0* |
| башка түшкөн каражаттар | 11,4 | 24,1 | 26,4 | *15,0* | *231,6* | *2,3* | *109,5* |

### Социалдык фондго таандык акционердик коомдордун акциялары боюнча дивиденддердин түшүүсү

2024-жылы Социалдык фондго төмөндөгү акционердик коомдордон 137,0 млн. сом дивиденддер түштү:

- “Манас” эл аралык аэропорту” ААК - 108,5 млн. сом;
- “Кыргызнефтегаз” ААК - 28,5 млн. сом.

## II. Социалдык фонддун бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы

Социалдык фонддун бюджетинин жалпы чыгымдары 108 063,4 млн. сомду түздү, бул такталган бюджеттен 110,4 млн. сомго аз. 2023-жылга салыштырмалуу бюджеттин чыгымдары 17 766,0 млн. сомго же 119,7 %га көбөйдү. ИДПнын көлөмүнө карата Социалдык фонддун бюджетинин чыгымдары 7,1 %ды түздү.

Пенсиялык фонд боюнча чыгымдар 97 591,4 млн. сом суммасында аткарылды, 2023-жылга салыштырмалуу өсүш 16 537,1 млн. сомду түздү, бул пенсионерлердин санынын жыл сайын өсүшү жана пенсиялардын жогорулашы менен шартталган.

(млн. сом)

| | 2023-жылдын аткарылышы | 2024-жылга бюджет | 2024-жылдын аткарылышы | 2023-жылдын аткарылышына карата | | 2024-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫК ЧЫГЫМДАР** | **90 297,4** | **108 173,8** | **108 063,4** | ***17 766,0*** | ***119,7*** | ***-110,4*** | ***99,9*** |
| *ИДПга %* | *7,3* | *7,6* | *7,1* | | | | |
| **Пенсиялык фонд боюнча, анын ичинде:** | **81 054,3** | **98 452,6** | **97 591,4** | ***16 537,1*** | ***120,4*** | ***-861,2*** | ***99,1*** |
| *ИДПга %* | *6,6* | *7,0* | *6,4* | | | | |
| пенсия жана жөлөкпулдар | 79 290,6 | 96 214,2 | 95 416,7 | *16 126,1* | *120,3* | *-797,5* | *99,2* |
| пенсия жана жөлөкпулдарды чектөө жана жеткирүү боюнча чыгымдар | 422,5 | 705,1 | 663,0 | *240,5* | *156,9* | *-42,1* | *94,0* |
| Социалдык фонддун эсептерин тейлөө чыгымдары | 15,0 | 18,0 | 17,4 | *2,4* | *116,0* | *-0,6* | *96,7* |
| административдик чыгымдар | 1 024,6 | 1 126,4 | 1 118,2 | *93,6* | *109,1* | *-8,2* | *99,3* |
| резервдик фонд | 2,0 | 2,0 | 2,0 | *0,0* | *100,0* | *0,0* | *100,0* |
| өнүктүрүү фонду | 295,3 | 382,5 | 372,6 | *77,3* | *126,2* | *-9,9* | *97,4* |
| мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө | 4,3 | 4,4 | 1,5 | *-2,8* | *34,9* | *-2,9* | *34,1* |
| **Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду боюнча** | **4 701,5** | **5 045,9** | **5 045,9** | ***344,4*** | ***107,3*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фонду боюнча** | **738,2** | **643,7** | **643,7** | ***-94,5*** | ***87,2*** | ***0,0*** | ***100,0*** |
| **Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду боюнча** | **3 803,4** | **4 031,6** | **4 782,4** | ***979,0*** | ***125,7*** | ***750,8*** | ***118,6*** |

## Пенсияларды жогорулатуу жана кайра эсептөө

Пенсионерлердин жашоо деңгээлин мындан ары камсыз кылуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 28-июнундагы № 168 Жарлыгына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 29-августундагы № 534 токтомуна ылайык 2024-жылдын 1-октябрынан тартып пенсиянын камсыздандыруу бөлүктөрү 18%, бирок 1000 сомдон кем эмес жогорулатылды.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 44-беренесинин ченемдерин аткаруу үчүн пенсиянын жалпы өлчөмү (үстөктөрдү эске алганда) өткөн жылы түзүлгөн пенсионердин жашоо минимумунан (6900 сом) төмөн пенсиялар үчүн пенсиянын базалык бөлүгү “Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган учурларды кошпогондо,

мындай пенсиялардын жалпы өлчөмүн пенсионердин жашоо минимумунун өлчөмүнө чейин жеткирүүнү эске алуу менен индексацияланды.

Ошону менен бирге, 2024-жылдын 10-майындагы № 84 Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык 2024-жылдын 1-июлунан тартып пропорционалдуу эсептелген пенсиянын базалык бөлүктөрү Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 9-сентябрындагы № 504 токтому менен белгиленген пенсиянын базалык бөлүгүнүн өлчөмүнө (3170 сом) чейин жеткирилди.

Пенсионерлердин саны 2024-жылдын жыйынтыгы боюнча 797,4 миң адамды түздү.

"Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Социалдык фонд жыл сайын 1-январга карата жекече (индивидуалдык) эсепте турган жана камсыздандыруу төгүмдөрүн төлөп иштеп жаткан пенсионерлердин пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгүн (ЖЭ2) кайра эсептейт.

2024-жылдын 1-январынан тартып пенсия чектелген күндөн баштап же пенсиянын экинчи камсыздандыруу бөлүгү акыркы кайра эсептелишинен 2023-жылга топтолгон камсыздандыруу төгүмдөрүнөн автоматташтырылып кайра эсептелди. Алардын саны 146 925 адамды түздү.

## Социалдык фонддо санариптештирүү боюнча маалымат

2024-жылы Социалдык фонддун маалымат системасын толук интеграциялоо жана натыйжалуу иштеши боюнча иштер жүргүзүлдү. Негизги максаттар – санариптик инфраструктураны модернизациялоо, процесстерди жөнөкөйлөтүү жана автоматташтыруу, ошондой эле заманбап маалыматтык технологиялардын негизинде сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү өнүктүрүү үчүн шарттарды түзүү.

Ал үчүн WEB-платформада жаңы автоматташтырылган башкаруу системасы (АБС) иштелип чыгууда. Долбоордун алкагында операциондук процесстер изилденип, бизнес-аналитика жүргүзүлүп, техникалык талаптар даярдалып, системаны иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча тендерлер өткөрүлдү. Азыркы учурда "Төлөмдөр" модулун жана техникалык колдоону кошкондо орчундуу компоненттерди түзүү жана оптималдаштыруу боюнча иштер жүргүзүлүп жатат.

Тендерлердин жыйынтыгы боюнча подрядчы компания маалыматтык системаны кайра иштеп чыгуу, модернизациялоо жана техникалык коштоо иштерин жүргүзүүдө. Жыйынтыгында жаңы АБС колдонулуп жаткан КРСФ МБС маалыматтык системасын толук алмаштырып, Социалдык фонддун маалыматтарын жана процесстерин бир кыйла натыйжалуу башкарууну камсыз кылат.

Мындан тышкары, жаңы система жарандардын социалдык төлөмдөр жана кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө маалыматка жетүү мүмкүндүгүн жеңилдетүүгө, ошондой эле тейлөө сапатын жогорулатууга багытталган. Колдонуучулар үчүн ыңгайлуу интерфейс иштелип чыгууда, ал электрондук кызматтарды алуусун тездетип, кагаз жүзүндөгү бюрократиялык процесстерди азайтат.

Жаңы санариптик инфраструктураны ишке киргизүү менен маалыматтардын коопсуздугу да жогорку деңгээлде камсыздалат. Система маалыматтарды коргоонун заманбап технологияларын колдонуп, персоналдык жана финансылык маалыматтардын купуялуулугун сактоо үчүн көп деңгээлдүү коргоо механизмдерин камтыйт.

Жалпысынан, жүргүзүлүп жаткан иштер жарандарга кыйла жеткиликтүү жана натыйжалуу кызмат көрсөтүү үчүн шарт түзүп, Социалдык фонддун ишин санариптештирүүнү жаңы деңгээлге чыгарат.

Ошондой эле, "Мамлекеттик пенсиялык социалдык камсыздандыруу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында "Камсыздандырылган адамдын электрондук кабинети" автоматташтырылган маалыматтык системасынын

регламенти жана онлайн режиминде жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмөлөрдү берүү үчүн жарандардын жеке кабинетин каттоо үчүн веб-портал иштелип чыккан. 2024-жылы “Электрондук жеке кабинет” системасында катталган жарандардын саны 173 684 адамды түздү, анын ичинен 27 219 адам онлайн режиминде жеке камсыздандыруу эсебинен көчүрмөлөрдү алды.

Жеке камсыздандыруу эсепте 1996-жылдан баштап эмгек акы, чегерилген жана төлөнгөн камсыздандыруу төгүмдөрү жөнүндө маалымат сакталгандыктан, азыркы учурда жеке камсыздандыруу эсебинен маалыматтарды пайдалануу мамлекеттик социалдык камсыздандыруунун чегинен чыгып, социалдык жардам жана кызмат көрсөтүүлөр системасында, үй-бүлөлүк жөлөкпулдар жана банк ишинде, укук коргоо органдарында, техникалык макулдашуулардын алкагында лицензиялоо чөйрөсүндө ж.б. дагы колдонулууда.

## Резервдик фонддун пайдаланышы

2024-жылга Социалдык фонддун бюджетинде Резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сом суммасында белгиленген.

Бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча кайрымдуулук жардамга Резервдик фонддун чыгымдары 2,0 млн. сомду түздү. Майыптар күнүнө 0,2 млн. сом жана Карылар күнүнө карата 1,8 млн. сом кайрымдуулук жардам көрсөтүлдү.

## Өнүктүрүү фондунун пайдаланышы

2024-жылга Социалдык фонддун бюджетинде Өнүктүрүү фондунун чыгымдары 382,5 млн. сом суммасында бекитилген, иш жүзүндө 372,6 млн. сом пайдаланылды.

## Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун жана Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондун каржылоо

Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондун каржылоого бюджеттен 2024-жылы 5 045,9 млн. сом каралып, толугу менен каржыланды.

Эмгекчилердин ден-соолугун чыңдоо фондун каржылоого бюджеттен 643,7 млн. сом каралып, толугу менен каржыланды.

## Мамлекеттик топтомо пенсиялык фонду

### Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы

2025-жылдын 1-январына карата Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун (мындан ары – МТПФ) каражаттары 51 083,1 млн. сомду, ал эми 2024-жылдын 1-январына карата 42 187,5 млн. сомду түзгөн, б.а. жыл ичинде МТПФ каражаттары 8 895,6 млн. сомго көбөйгөн.

МТПФ бюджетинин жалпы кирешеси 10 337,3 млн. сомду түздү же бюджеттен каралгандан 805,7 млн. сомго көп болуп, 108,5 %ды түздү.

2024-жылы МТПФга 4 782,4 млн. сом камсыздандыруу төлөмдөрү түштү, бул бюджетте каралгандан 750,8 млн. сомго көп же 118,6 %га аткарылды.

2024-жылы мурда жайгаштырылган баалуу кагаздардан жана депозиттик салымдардан түшкөн киреше 5 526,9 млн. сомду түздү, бул 5 487,6 млн. сом суммасында каралган каражаттардан 39,3 млн. сомго көп, 100,7 %га аткарылган, анын ичинде:

- баалуу кагаздардан түшкөн киреше - 4 587,3 млн. сом;

- депозиттик салымдар боюнча пайыздык киреше - 939,6 млн. сом.

Мындан сырткары МТПФ эсептериндеги акча каражаттардын күнүмдүк калдыктарына эсептелген пайыздардан пландалган 10,0 млн. сомдон 19,7 млн. сом түшкөн, 197,0 %га аткарылган.

Башка кирешелер 8,3 млн. сом түздү, бул бюджетте каралгандан 5,9 млн. сомго көп.

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун кирешелери**

(млн. сом)

| | 2023-жылдын аткарылышы | 2024-жылга бюджет | 2024-жылдын аткарылышы | 2023-жылдын аткарылышына карата | | 2024-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **8 136,3** | **9 531,6** | **10 337,3** | ***2 201,0*** | ***127,1*** | ***805,8*** | ***108,5*** |
| 1. Камсыздандыруу төгүмдөрү | 3 803,4 | 4 031,6 | 4 782,4 | *979,0* | *125,7* | *750,8* | *118,6* |
| 2. МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн каражаттар, анын ичинен: | 4 321,9 | 5 497,6 | 5 546,6 | *1 224,8* | *128,3* | *49,0* | *100,9* |
| *МТПФ эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздар* | *23,1* | *10,0* | *19,7* | *-3,4* | *85,3* | *9,7* | *197,0* |
| *мамлекеттик баалуу кагаздардан* | *3 589,8* | *4587,3* | *4587,3* | *997,6* | *127,8* | *0,0* | *100,0* |
| *депозиттерден* | *709,0* | *900,2* | *939,6* | *230,6* | *132,5* | *39,4* | *104,4* |
| 3. Башка кирешелер | 10,9 | 2,4 | 8,3 | *-2,6* | *76,1* | *5,9* | *345,8* |

**Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

МТПФнын бюджетинин жалпы чыгымдары 1 441,8 млн. сомду түздү, бул бюджетте пландалган 1 383,6 млн. сомдон 58,2 млн. сомго көп жана 104,2 %ды түздү. Анын ичинде:

- пенсиялык топтоо каражаттарын төлөөгө чыгымдар - 1 370,6 млн. сом;
- банктык тейлөө чыгымдары - 3,6 млн. сом;
- административдик чыгымдар - 36,2 млн. сом;
- пенсиялык топтоо каражаттарын которуу - 31,3 млн. сом;
- башка чыгымдар - 0,05 млн. сом.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча МТПФнын чыгымдарынын бюджеттен 58,2 млн. сомго көбөйүшү негизинен жылдын аягында төлөмдөрдү каржылоого өтүнмөлөрдүн көбөйүшү менен шартталган.

## Мамлекеттик топтомо пенсиялык фондунун чыгымдары

(млн. сом)

| | 2023-жылдын аткары-лышы | 2024-жылга бюджет | 2024-жылдын аткары-лышы | 2023-жылдын аткарылышына карата | | 2024-жылдын бюджетине карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | +/- | % | +/- | % |
| **БАРДЫГЫ** | **1 136,8** | **1 383,6** | **1 441,8** | ***305,0*** | ***126,8*** | ***58,1*** | ***104,2*** |
| Пенсиялык топтоолорду төлөп берүү | 1 090,8 | 1 300,0 | 1 370,6 | *279,8* | *125,7* | *70,6* | *105,4* |
| ТПФ каражаттарды которуу | 27,3 | 30,0 | 31,3 | *4,0* | *114,7* | *1,3* | *104,3* |
| Административдик-башкаруу чыгымдары | 10,9 | 41,8 | 36,2 | *25,3* | *332,1* | -5,6 | *86,4* |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоо жана башкаруу менен байланышкан чыгымдар | 3,1 | 3,8 | 3,6 | *0,5* | *116,1* | -0,2 | *95,3* |
| Башка классификация-ланбаган чыгымдар | 4,7 | 8,0 | 0,05 | *-4,6* | *1,1* | *-8,0* | *0,6* |

## 2025-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр боюнча дебитордук карыздар боюнча маалымат

(сом)

| № | Жеткирүүчүлөр | Багыты | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | “Кыргызтелеком” ААК | телефон байланыш кызматтары | 94 106,0 |
| 2 | “Газпром Нефть Азия” ЖЧК | күйүүчү майлоочу материалдар | 96 706,4 |
| 3 | "Кыргыз Нафта" ЖЧК | күйүүчү майлоочу материалдар | 1 931,1 |
| 4 | "Кылым" АЗС ЖЧК | күйүүчү майлоочу материалдар | 8 203,0 |
| 5 | “Кок-Мойнок МЖКХ” мамлекеттик ишканасы | утурумдук чарбалык максаттарга буюмдарды жана материалдарды сатып алуу | 39 253,8 |
| 6 | “ЛидингТехнолоджиз” ЖЧК | программа иштеп чыгуу | 420 000,0 |
| 7 | “Атайын байланыш кызматы” МИ | пенсиялык иштерди жеткирүү | 15 592,4 |
| 8 | “Кыргыз почтасы” ААК | почта чыгымдары | 9 426,1 |
| 9 | “Жашылдандыруу курулуш” Шаардык турак-жай | имараттарды жана жайларды тейлөө | 0,27 |
| 10 | “Тродот” ЖЧК | мөөрлөрдү жасоо | 145,0 |
| 11 | “Газпром Кыргызстан” ЖЧК | газ | 2 057,2 |
| 12 | “Бишкексууканал” МИ | суу | 2 051,3 |
| 13 | “Маркетинг Сервис” ЖЧКсы | суу | 1 631,8 |
| 14 | “Тазалык” МИ | таштанды | 7 112,8 |
| 15 | “Түндүкэлектро” ААК | электроэнергия | 10 774,1 |
| 16 | “Бишкек жылуулук тармагы” ААК | жылуулук энергиясы | 4 596,8 |
| 17 | Райондук электр тармактары | жылуулук энергиясы | 22 709,1 |
| 18 | “Кыргыз Көмур” МИ | көмүр | 736,5 |
| | | **Бардыгы** | **737 033,8** |

**2025-жылдын 1-январына карата жеткирүүчүлөр боюнча кредиттик карыздар боюнча маалымат**

(сом)

| № | Жеткирүүчүлөр | Багыты | Суммасы |
|---|---|---|---|
| 1 | "Кыргызтелеком" ААК | телефон байланыш кызматтары | 2 772,0 |
| 2 | "ПартнерНефть" ЖЧКсы | күйүүчү майлоочу материалдар | 101 227,0 |
| 3 | "Ахметова" ЖИ | бланктар | 929,5 |
| 4 | "ДосТекГрупп" ЖЧКсы | электрондук санариптик кол коюу | 39 490,0 |
| 5 | "Бишкексууканал" МИ | суу | 499,6 |
| 6 | "Бишкек жылуулук тармагы" ААК | жылуулук энергиясы | 133 766,4 |
| 7 | Райондук электр тармактары | жылуулук энергиясы | 105,6 |
| 8 | "Кыргыз почтасы" ААК | почта | 44 838,0 |
| 9 | "Шопоковский Комбинат" ЖЧК | курулуш материалдары | 3 727,0 |
| 10 | "Борукчиев Г.Б." ЖИ | эмерек сатып алуу | 279 640,0 |
| 11 | "Суванкулов Дж." ЖИ | транспорт каражаттарын тейлөө | 0,8 |
| 12 | "Банников" ЖИ | картриджди толтуруу | 41 161,4 |
| 13 | "Сирио транс" ЖЧК | инвентарь сатып алуу | 15,0 |
| 14 | "Түндүкэлектро" ААК | электроэнергия | 2 434,7 |
| 15 | "Бай Ордо" ЖЧК | чарбалык буюмдар | 244 018,0 |
| | | **Бардыгы** | **894 625,0** |

**Пландалган максаттар боюнча жыйынтык көрсөткүчтөргө жетүү жөнүндө маалымат**

(млн. сом)

| Аталышы | Мурунку жылдын көрсөткүч-төрү | Көрсөт-күчтүн пландык мааниси | Көрсөт-күчтүн анык мааниси | Көрсөткү чтөрдүн жетишүү даражасы (%) | Өткөн жылдагы көрсөткүчкө жетишүү даражасы (%) |
|---|---|---|---|---|---|
| Камсыздандыруу төгүмдөрү | 63 964,0 | 69 060,0 | 73 722,8 | *106,8* | *115,3* |
| Башка кирешелер | 1 427,0 | 1 836,6 | 2 151,6 | *117,2* | *150,8* |
| МТПФ каражаттарын инвестициялоодон түшкөн кирешелер | 4 321,9 | 5 497,6 | 5 546,6 | *100,9* | *128,3* |
| Пенсияларды каржылоо | 74 312,8 | 90 961,3 | 90 359,2 | *99,3* | *121,6* |
| Аскер кызматчыларынын пенсияларын каржылоо | 4 247,5 | 4 485,6 | 4 314,4 | *96,2* | *101,6* |
| ММКФ каржылоо | 4 701,5 | 5 045,9 | 5 045,9 | *100,0* | *107,3* |
| ЭДЧФ каржылоо | 738,2 | 643,7 | 643,7 | *100,0* | *87,2* |

Социалдык фонддун бюджети 2024-жылга 2 090,0 млн. сом профицит менен бекитилген.

2024-жылдын жыйынтыгы боюнча Социалдык фонддун бюджети 7 178,2 млн. сом профицит менен аткарылды.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетине караштуу**
**Кыргыз Республикасынын**
**Социалдык фондунун төрагасы** **Б. Дж. Алиев**